**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**« 22 »-апрель 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги VIII сессия**

**ТОКТОМ** **№3** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XLIV сессиясынын №8-токтомуна өзгөртүү, толуктоо киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 "Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө Жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу" токтомун негиз кылып, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 09.04.2025-жылдагы чыг.№01-18/2092 сандуу катты Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясында каралып, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги VIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин IX чакырылышындагы кезектеги XLIV сессиясынын №8-токтомунун 1-пунктундагы №1-тиркемеси жокко чыгарылып, Жалал-Абад шаары боюнча 2025-жылга карата республикалык бюджеттен Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын тизмеси №1-тиркемеге ылайык жактырылсын.
2. Жалал-Абад шаары боюнча 2025-жылга карата республикалык бюджеттен каржылануучу Дем берүүчү (үлүштүк) гранттын жалпы суммасы 47 374 450 сом, анын ичинен жергиликтүү бюджеттен (өздүк салым) 21 218 038 сом өлчөмүндө жактырылсын жана 2025-жылдагы жергиликтүү бюджеттин эсебинен максаттуу пайдалануу жагы Жалал-Абад шаарынын мэриясына (Э.Ормоков) сунушталсын.
3. Ушул токтомдун №1-тиркемеси менен бекитилген долбоорлорду Жалал-Абад шаарынын Өнүгүү стратегиясына толуктоо катары киргизүүгө макулдук берилсин, аткаруу жагы Жалал-Абад шаарынын мэриясына (Э.Ормоков) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
6. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Турдубеков О.Т.**

Жалал-Абад шаардык
депутаттар кеңешинин
«22» апрель 2025-жылдагы
кезектеги VIII сессиясынын
№3-токтомуна №1-тиркеме

**Жалал-Абад шаары боюнча 2025-жылга карата республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен каржылануучу сунуштала турган долбоорлордун тизмеси**

| № | Мекеменин аталышы | Аткарылуучу жумуш | Жалпы суммасы | Өздүк салым | Республикалык бюджет |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Р.Санатбаев атындагы №9 мектеп-гимназиясы | Мектептин жалпы чатырын алмаштыруу | 3 993 386 сом | 1 198 016 сом | 2 795 370 сом |
| 2 | №4 мектеп-гимназиясы | Мектептин коридордон терезелерин, балдар кийим алмаштыруучу жайдын жана 101чи, 102чи кабинеттердин эшик, терезелерин пластик терезелерге алмаштыруу, тепкичтерди, жылуулук системасын капремонттоо, мектептин айланасын асфальттоо | 12 166 144 сом | 7 166 144 сом | 5 000 000 сом |
| 3 | №31 “Наристе” МЧББУ | Отканнын чатыры, отказандарды алмаштыруу | 1 591 786 сом | 477 536 сом | 1 114 250 сом |
| 4 | №19 “Колоколчик” МЧББУ | Ички жылытуу системасын капиталдык ремонттон өткөрүү | 2 776 751 сом | 833 026 сом | 1 943 725 сом |
| 5 | № 10 «Барчын» МЧББУ | Эшик, терезелерин пластикке алмаштыруу | 4 650 255 | 2 325 127 сом | 2 325 128 сом |
| 6 | №8 “Теремок” МЧББУ | Жылытуу системасын капиталдык ремонтоо | 1 803 726 сом | 541 118 сом | 1 262 608 сом |
| 7 | №36 “Чабалекей” МЧББУ | Откананы ремонттоо, коридорлорду жылуулоо | 1 326 682 сом | 398 005 сом | 928 677 сом |
| 8 | №1 Н.Крупская атындагы МЧББУ | Жылытуу системасын капиталдык ремонтоо, склад куруу | 2 268 974 сом | 680 693 сом | 1 588 281 сом |
| 9 | №33 “Бермет” МЧББУ | МЧББУнун ички жылытуу системасын капиталдык ремонттон өткөрүү | 7 796 746 сом | 3 898 373 сом | 3 898 373 сом |
| 10 | №2 Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу | №2 ҮДТ имараттын цокольный этажын капиталдык ремонттон өткөзүү, цокольный этажга жылуулук түтүк системасын орнотуу, цокольный этажга суу жана дааратканa менен раковиналарды орнотуу, цокольный этажга канализация түтүкчөлөрүн орнотуу, цокольный этажга айнек эшиктерди коюу, цокольный этажга козерог орнотуп цемент менен суу кирбей турган тосмо куруу. | 5 000 000 сом | 2 500 000 сом | 2 500 000 сом |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Имараттын 1жана 2 этаждын суу түтүкчөлөрү жана канализациялык трубаларды алмаштырып керектүү канааларга раковиналарды орнотуу.<br>Имараттын 1 жана 2 этаждын канааларына кафель коюу.<br>Имараттын 1 жана 2 этаждагы канааларды жана корридорлорду САН ПИНге ылайык актоо жана сырдоо, медициналык манипуляция жасалган канааларга кафель коюу | | | |
| 11 | №5 Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу | №5 ҮДТ имараттын капиталдык ремонттон өткөрүү (электр энергиясынын кабельдерин алмаштыруу-монтаж), имараттын канааларына суу түтүкчөлөрүн жана раковиналарды орнотуу, унитазды алмаштыруу, подьездерге пандустарды орнотуу, 3-подьездин тепкичинин үстүн жабу. | 4 000 000 сом | 1 200 000 сом | 2 800 000 сом |
| **Жалпы** | | | **47 374 450 сом** | **21 218 038 сом** | **26 156 412 сом** |

**Жооптуу катчы** **Осмонова Г.О.**